**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.16.525 Диссертациялык Кеңеш**

***Кол жазма укугунда***
***УДК: 881 (575.2) (043.3)***

**ИСМАИЛОВА БАКТЫГҮЛ ТАШТЕМИРОВНА**

# К.БОБУЛОВДУН АДАБИЙ СЫНЧЫЛЫК ЖАНА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2016**

Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин Кыргыз филологиясы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** филология илимдеринин доктору, доцент
**Кадырманбетова Айнура Күмөновна**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору
**Тиллебаев Садык Алаханович**

филология илимдеринин кандидаты
**Жузупекова Кундуз Нуркалыковна**

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасы
Дареги: 715600, Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү, 57.

Диссертациялык иш 2016-жылдын 28-декабрында саат 15.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.16.525 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Манас проспектиси, Чүй проспектиси, 265а.

Диссертациялык иш менен КР УИАнын борборлоштурулган илимий китепканасынан таанышууга болот.Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Автореферат 2016-жылдын 25-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

# ДИССЕРТАЦИЯНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Сөз өнөрүнүн профессионалдык деңгээлинин жогорулашы, жаңы бийиктиктерге жетиши жалаң эле акын, жазуучулардын изденүү аракеттерине, көркөмдүк табылгаларына гана эмес, ошондой эле сынчы адабиятчылардын чыгармачылык, илимий изденүүчүлүк ишмердиктеринин натыйжаларына да тикеден-тике байланыштуу. Улуттук адабияттын тарыхый өнүгүү жолуна объективдүү баа берүү, анда орун алган адабий-эстетикалык тенденциялык көрүнүштөрдү талдап түшүнүүдө адабий процесске активдүү аралашып, өз салымын кошкон акын, жазуучулардын чыгармачылыгы менен катар адабият таануу илиминин жана сындын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгын конкреттүү талдоого алуу, илимий-практикалык мааниси зор актуалдуу маселелерден болуп эсептелет.

Камбаралы Бобулов – кыргыздын улуттук адабияты жаралуу, калыптануу этабын басып өтүп, жетилүү дооруна жаңы кадам койгон учурда, XX кылымдын экинчи жарымында адабий процесске аралашып, жетилгендиктин, өнүккөндүктүн белгилери улуттук адабиятыбыздан ишенимдүү орун алуусуна өзүнүн адабий сынчылык, илимий изилдөөчүлүк дараметин жигердүүлүк менен жумшап, адабий процесстен өзүнүн бараандуу ордун тапкан чыгармачыл инсан. К.Бобуловдун адабий сынчылык, илимий изилдөөчүлүк ишмердиги боюнча атайын изилдөөнүн жүргүзүлүшү улуттук адабиятыбыздын жана адабият таануубуздун өнүгүү динамикасынын, жаңылануу тенденцияларынын толук кандуу картинасын түзүү, ал тарабынан жетишилген натыйжалардын адабият таануунун бүгүнкүсү жана эртеңи үчүн илимий-теориялык жана практикалык маанисин аныктоо үчүн зарыл.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илим изилдөө иштери менен байланышы**. Илимий иштин темасы Кыргыз-Өзбек университетинин кыргыз филологиясы кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Көрүнүктүү адабиятчы, сынчы К.Бобуловдун адабий сынчылык, илимий изилдөөчүлүк ишмердигине баа берүү, кыргыз адабиятынын, адабият таануу илиминин өнүгүүсүнө кошкон салымын аныктоо иштин негизги максаты болуп эсептелет. Аны жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү милдеттерди алдыга койдук:

– К.Бобуловдун адабий сынчы жана илимпоз катары калыптанышындагы маданий, адабий-эстетикалык жана саясий-идеологиялык, социалдык-турмуштук өбөлгөлөрдү ачуу;

– алгачкы сын макалалардан байкалган адабий-эстетикалык жаңычыл көз караш, профессионалдык деңгээлге баа берүү;
– көркөм чыгармаларды адабий сындык талдоого алууда поэтикалык эстетикалуулук менен социологиялык анализди айкалыштыруудагы бобуловдук жаңычыл аракеттердин натыйжалуулугун тастыктоо;
– адабияттагы халтура менен күрөшүүдөгү сынчынын граждандык жана сынчылык позициясынын активдүүлүгүн белгилөө.
– адабиятчынын илимий-изилдөөчүлүк ишмердигинин идеялык-тематикалык, жанрдык багытын аныктоо, алынган натыйжалардын теориялык-методологиялык негиздүүлүгүнө, объективдүүлүгүнө, актуалдуулугуна баа берүү;
– К.Бобуловдун адабий сынчылык жана илимпоздук ишмердүүлүгүнүн натыйжалары улуттук адабияттын жана адабияттаанусунун бүгүнкү күнү жана эртеңки келечеги үчүн актуалдуулугун аныктоо.

**Иштин илимий жаңычылдыгы.** К.Бобулов адабият майданына XX кылымдын 50-жылдарынан баштап аралашып, улуттук адабиятыбыздын олуттуу маселелерине байланыштуу курч сын макалаларды, адабий талдоолорду жазып, кыргыз прозасындагы салттуулук жана жаңычылдык, реализм жана фольклоризм маселелери боюнча тарыхый-теориялык пландагы монографиялык изилдөө жүргүзгөн окумуштуу. Анын илимий, сынчылык ишмердиги боюнча айрым-айрым юбилейлик макалалар, эскерүүлөр, био-библиографиялык кыскача маалыматтар жарык көргөн менен, бирдиктүү-системалуу илимий изилдөө жүргүзүлө элек. Диссертациянын жаңылыгы көрүнүктүү сынчы жана таланттуу окумуштуу К.Бобуловдун эмгектерине алгачкы ирет ар тараптуу илимий изилдөө жүргүзүлгөндүгү менен аныкталат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларынын филологиялык факультеттеринде окутулуучу «Кыргыз адабиятынын тарыхы», «Кыргыз адабий сынынын тарыхы», «Адабият таанууга киришүү», «Адабият теориясы» боюнча курстук лекцияларда жана К.Бобуловдун чыгармачылыгы боюнча атайын курс өткөрүүдө кошумча материал катары пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

– К.Бобулов – кыргыз адабий сыны жана адабият таануу илимине чоң салым кошкон таланттуу адабиятчы.

– XX кылымдын 50-жылдарынын ортосунда К.Бобуловдун активдүү сынчыл позиция менен адабий сынга чечкиндүү аралашуусуна постсталиндик мезгилдин сынчыл-жаңылоочул деми өзүнүн жагымдуу таасирин тийгизген.

– К.Бобулов адабиятчы катары адистик даярдыгы жетик, сынчылык талантты профессионализм менен айкалыштыра билген өрнөктүү сынчы, адабиятчы.

– Көркөм чыгарманын сюжетин, каармандардын образын, автордун сүрөткердик табылгаларын талдоода К.Бобулов поэтикалык-эстетикалык анализ менен чыгарманын идеялык-тематикалык турмуштук негизин түзгөн көрүнүштөргө карата социологиялык анализдин айкалыштыра жүргүзүлүшү зарыл деп эсептеген.

– К.Бобулов – чебер полемист сынчы.

– К.Бобуловдун кыргыз прозасында реалисттик методдун пайда болушу, салттуулук жана жаңычылдык маселелери боюнча чыгарган жыйынтыктары илимий-теориялык жактан негиздүү, аргументтүү. Жыйынтыктар кыргыз адабиятынын өнүгүү деңгээлин туура аныктайт.

**Изилдөөнүн жеке салымы:**

К.Бобуловдун адабий сын макалалары, илимий изилдөөлөрү синхрондук жана диахрондук аспектиде талдоого алынып, системалаштырылып, алынган жыйынтыктардын өз мезгили үчүн жана бүгүнкү күн үчүн баалуулугу аныкталды. Адабиятчынын эмгектеринде айтылган ойлордун, илимий жыйынтыктардын объективдүүлүгүн баалоо үчүн кошумча илимий-теориялык эмгектерди өздөштүрүү, пайдалануу аркылуу ал боюнча чыгарылган жыйынтыктар, корутундулар жана сунуштар изденүүчүнүн жеке салымы болуп саналат.

**Диссертациянын апробацияланышы**. Диссертациянын темасы боюнча республикалык жана эл аралык конференцияларда алты ирет илимий баяндамалар жасалды. Диссертациянын мазмуну Кыргызстанда жана Россияда чыгуучу рецензиялануучу илимий жыйынтыктарда, мезгилдүү басылмаларда жарыяланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарык көрүшү:** Диссертациянын темасы боюнча КРдин мезгилдүү илимий басмаларында жана илимий жыйнактарда 9 макала, чет элдик РИНЦ системасына кирген басылмаларда 2 макала жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Иш киришүүдөн, эки бап, жети параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Киришүүдө»** теманын негизделиши жана актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, объектиси, илимий жаңылыгы, практикалык балуулугу, коргоого сунуш кылынган жоболор, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы чагылдырылды.

**«Камбаралы Бобуловдун адабий сынчылык ишмердүүлүгүндөгү изденүүлөр жана табылгалар»** деп аталган биринчи бап беш параграфтан турат. **«Сынчылыктагы алгачкы кадамдар постсталиндик жаңылануу доорунун контекстинде»** деп аталган биринчи параграфта К.Бобуловдун адабият сынчысы катары калыптанышындагы жеке инсандык, маданий,

адабий-эстетикалык, саясий-идеологиялык социалдык-турмуштук өбөлгөлөр, сынчылык алгачкы аракеттер талдоого алынды. Көп кырдуу чыгармачыл инсан, көрүнүктүү адабий сынчы, окумуштуу, таланттуу акын, прозаик, чебер котормочу, чынчыл публицист, коомдук ишмер Камбаралы Бобулов калемгерликтин ар түрдүү жанрларында салмактуу эмгектерди жазып, кыргыздын улуттук адабият таануу илиминде көрүнүктүү из калтырып кетти. К.Бобулов адабий чөйрөгө аралаша баштаган алгачкы күндөн эле көркөм чыгармачылык иш менен илимий изилдөөчүлүк, сынчылык ишти эриш-аркак алып жүргөн. К.Бобуловдун көркөм чыгармачылык ишмердиги, өзгөчө анын поэзиясы, атайын олуттуу изилдөө жүргүзүүгө арзыйт. Ошентсе да, белгилүү окумуштуу О.Ибраимов: «Бирок, коомдук пикир деген кызык нерсе го: Бобуловду көпчүлүк негизинен акын же кара сөзчү эмес, абройлуу адабиятчы, бир кезде таасын катуу чыккан принципиалдуу сынчы катары тааныйт. Чынында да адабият таануу жана сын жаатында Камбаралы аганын жасаган бараандуу эмгектери бар», – деп акыйкат белгилегендей, [Чынчыл сындын сырттаны: Макалалар жыйнагы / Түзгөн А.Камалов. –Бишкек, 2007. -137-б.] кыргыз коомчулугу Камбаралы Бобуловду биринчи иретте адабияттын сынчысы, адабий сындын жалтанбас жоокери катары жакшы тааныйт. Биз өз илимий изилдөөбүздө белгиленген максатка ылайык көп кырдуу талант К.Бобуловдун адабий-сынчылык жана илимий изилдөөчүлүк эмгектерине гана кайрылып, талдоого алдык.

К.Бобуловдун сынчылык талантынын капыстан чыга калган күтүүсүздүктөй өзгөчө жаркырап жанып чыгышында улуттук адабий сындын өнүгүүсүнүн натыйжасы, тажрыйбаларына караганда постсталиндик мезгилдин духу, коомдук-саясий өзгөрүүлөрдүн таасири көбүрөөк болгондой.

Постсталиндик учурдун «жеке адамга сыйынуучулукту» жоюу, кетирилген кемчиликтерди түзөө аракеттери менен коштолгон сынчыл духу адабияттагы жана адабий сындагы жаңыланууларды талап кылды, өнүгүүнүн жаңы этабы башталганын билдирди. 1955-жылы «Советтик Кыргызстан» журналынын (кийинки Ала-Тоо журналы) №4 санына К.Бобуловдун «Сүйүү лирикаларынын туура бааланышы зарыл» аттуу тырмак алды чакан макаласы жарык көрөт. Бул макаланы жазган учурда К.Бобулов Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филология факультетинин 3-курсунун он тогуз жаштагы студенти болгон. Табиятынан зээндүү, бала күнүнөн китепке жакын өскөн жаш уландын макаласы адабий сын багытындагы алгачкы калем сыноо макала болгондугуна карабастан абдан чыйрак чыккан. Албетте, адабий сын багытындагы алгачкы макала болгону менен дегинкисинде ал К.Бобуловдун басма бетиндеги алгачкы сөзү эмес. Мектепте окуп жүргөндө эле анын райондук гезитте, республикалык «Кыргызстан пионери» гезитине макала, чакан аңгемече, ырлары жарык көрүп жүргөн.

Жаш сынчыны сүйүү лирикасынын учурдагы абалы кызыктырат. Поэзиянын бул жанры кризистик абалда экендигин, кай бир акындарыбыз «биздин советтик жаштар бактылуу турмушта жашашат» деген жалпы пикирге таянышып, алардын сүйүүсүн турмуштук татаал көрүнүштөрдөн ажыратып (өкүнүүсүз, муңаюусуз) түз сызыктуу (жалаң кубанычтуу кылып) сүрөттөшөөрүн», буга саясатташкан сындын да таасири бар экендигин белгилейт. Учурдагы мындай терс көрүнүштүн күбөсү катары М.Ормонбековдун жаш акын А.Белековдун ыр жыйнагына жазган рецензиясын мисалга тартып, анда айтылган куру айыптоолорду четке кагат. Макаланын мазмуну Советтик жазуучулардын Бүткүл союздук II съездинин (1954), Кыргызстан жазуучуларынын II съездинин (1954) кабыл алынган чечимдери менен үндөшүп турат жана бул үндөштүк мыйзамченемдүү. Маселен, Кыргызстан Жазуучулар союзунун төрагасы А.Салиевдин сөзүндө: «Биздин жазуучуларыбыз оң каармандардын кылык-жоруктарын жана ички дүйнөсүн реалисттик түрдө көрсөтө билишпейт, аларды тирүү адамга таандык болгон жекече мүнөздөн ажырата салышат. Адамдардын аракеттерин жана жүрүм-турумун типтүү абалдарда жана мүнөздөрдүн кагылышуусунда көрсөтүүгө жөндөмдүү болбой жатышат. Конфликсиздиктин чуулгандуу «теориясы» биздин адабиятыбызда да өзүнүн изин калтырды. Кээ бир жазуучулар өздөрүнүн чыгармаларынын каармандарын реалдык карама-каршылыктар менен кезигише турган жана кандайдыр бир кыйынчылыктарды башынан өткөрө турган шарттарга коюшкан эмес, жасалма сюжеттик мисалдар, көрүнүштөрдүн тышкы себептерин гана көрсөтүү сыяктуу кемчиликтер да аз кездешпейт» [Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1-том. –Фрунзе, 1987. -467-б.] деген сыяктуу сындар айтылып, багыттамалар берилген.

Жаш сынчынын ийгилиги катары коомдук жаңылануу, өзгөрүүлөрдү кылдат сезе билип, съездердин трибунасынан айтылган сөздөрдү конкреттүү адабият практикасындагы көрүнүштөрдөн таап, талдай билгендиги деп гана көрсөтүү – маселени үстүртөн гана кайпытып түшүнгөндүк болот. Жалпы сөздөр, көрсөтмөлөр канчалык айтылбасын, аны ар ким өз деңгээлинде кабыл алып, ага үн кошо билүү да ар кандай деңгээлде (профессионалдуу, декларативдүү, дилетанттык, догматикалык, вульгаризатордук ж.б.) болот. Доордун «каарманы» демилгесиз, өз алдынча пикири, көркөм табити жок болсо, кандай мыкты көрсөтмө болбосун, кандай динамикалуу өзгөрүүлөргө бай доор болбосун, таасири сезилээрлик болбосу анык. К.Бобулов улуттук адабиятты жаңылоо, кайра куруу идеясынын жаратман деми менен адабий сындын босогосун жандуу аттап кирген тушта деле 30-40-жылдардын саясатчыл сындарынын салтын улап, анахронизм «жыттанган» белимчил сындар жазылып, уланып жаткан. Ал эми студент автор К.Бобуловдо сөз болуп жаткан алгачкы макаласынан эле чыныгы адабиятчы, сынчы болчу адамга таандык – табийгыйлуулук

менен жасалмалуулукту сергек туя билүүчүлүк, адамдын кайгы-кубанычтарын түшүнө билген психологдук-сезимталдык сыяктуу негизги касиеттердин бар экендигин ачык эле сезүүгө болот.

К.Бобуловдун «Окуучунун каты» аттуу полемикалык макаласынан да постсталиндик мезгилдеги саясий, маданий баалуулуктардагы өзгөрүүлөр, жаңылануу кыймылындагы карама-каршылыктардын адабий процесске тийгизген таасири ачык көрүнөт. Макаланы талдоонун алдындаадабий сындагы субъективизм, догматизм, нормативдик эстетика, вульгардык социологизм көрүнүштөрү, алардын келип чыгыш себептери жөнүндө кыскача экскурс берилди.

«1956-жылы кыргыз адабиятынын тарыхында күтүлбөгөндөй бир ажаан окуя болду. Мындай болоорун эч ким күткөн эмес, эч ким билген эмес. Айрыкча адабиятка жаңыдан келе баштаган жаштар үчүн. «Ала-Тоо» журналынын июль айындагы санында Аалы Токомбаевдин «Бетме-бет кеңешели» деген макаласы жарыяланды. Көп узаган жок, ошол эле жылдын декабрь айында Түгөлбай Сыдыкбековдун «Аалы Токомбаевге ачык кат» деген жообу жарыкка чыкты. Адабий коомчулук бул эки макаланын жарыяланышын «эки дөөнүн кармашы» деп квалификациялады» – деп жазат ошол окуянын тарыхын түп тамырынан жакшы билген, анын каармандары менен замандаш адабиятчы, белгилүү окумуштуу К.Асаналиев [К.Асаналиев. Чынгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. – Б., 1995.].

«Токомбаев-Сыдыкбеков» талашы боюнча талкууга катышкан К.Асаналиев [«Ыңгайлуу учур күткөн кеңеш», Ала-Тоо, 1956, №10], С.Алманбетов [«Окуучунун пикири», Ала-Тоо, 1956, №10], К.Иманалиев [«Сөз бир колхоздун кишилери эмес, биздин замандын кишилери жөнүндө» Ала-Тоо, 1956, №12] катарында К.Бобуловдун «Окуучунун каты» [1956, №11] аттуу бир топ эле көлөмдүү макаласы жарыяланды. Талкуунун «күнөөкөрлөрү», башкача айтканда, аны баштаган жана жыйынтыктаган А.Токомбаев, Т.Сыдыкбековдор негизинен өз ара мамиле такташуунун «кызыгына» берилип кетишип, жазуучулук чеберчиликке таандык негизги маселелерди көңүлдөн сырт калтырышканы менен талкууга катышкандардын ичинен К.Асаналиев менен К.Бобулов өздөрүнүн макалалары аркылуу каралып жаткан маселеге профессионалдуулук, принципиалдуулук түс берген олуттуулугу менен айырмаланышты. Алар макалалары аркылуу адабий чыгарма көшөкөрлөнө мактап көккө чыгарып жиберчү же көз көрүнө жамандап көмөлөтө түртүп салчу, өң-түссүз, туруксуз нерсе эмес, анын курулай мактоого да, жамандоого да баш ийбей турган өз чындыгы, салмагы боло тургандыгын окурманга жакшы далилдеп бере алышкан. «Окуучунун каты» аттуу К.Бобуловдун макаласын кыргыз адабиятында мурдатан үстөмдүк кылып келген, саясатташтырылган нормативдүү адабий эстетика менен постсталиндик жаңылануу доорундагы кофликтсиздикке, жасалмалуулукка, декларативдүүлүккө каршы күрөш ачкан

поэтикалык эстетиканын ортосундагы күрөштүн бир көрүнүшү катары баалоого болот. «Окуучунун каты» макаласын жарыялоо менен К.Бобулов сынчы катары өзүнө болгон ишенимин бекитти, «стажердук» этапты артта калтырды.

**1.2 «Коомдук тарыхый тип, көркөм образдардын социалдык тамырына адабий анализ»** аталышындагы параграфтаК.Бобуловдун адабий сын, андагы адабий-эстетикалык метод менен социологиялык методду айкалыштырып колдонуу жөнүндөгү көз караштары, алардын жеке сынчылык практикадагы натыйжаларына баа берилет. Өзүмдүк тажрыйба чектелүү болгон жерде өзгөлөрдүн өнүккөн тажрыйбасынан үлгү алуу табигый, мыйзамченемдүү көрүнүш. Жазма адабий салты өнүккөн элдерден өрнөк алып, өнүгүү жолуна түшкөн улуттук адабият өзүнүн жаралуу жана калыптануу жолунда орус адабий тажрыйбаларына көбүрөөк таяныч кылгандыгы белгилүү нерсе. К.Бобулов 50-60-жылдары келип кошулган тушта кыргыз адабий сынында деле өздөштүрүлө элек «ак тактар» бир топ эле болгон. Ал эми постсталиндик доордун коомдук-саясий ревизиялык иш-аракеттеринин фонунда буга чейинки улуттук адабий сындын капчыгында топтолгон азыноолак аракеттердин көбүнүн баасы төмөндөп, көркөм чыгарманы баалоодо карманылып келген саясатташкан вульгаризатордук принциптердин көбү адабий планда жараксыз экендиги ашкереленип турган тушта Камбаралы Бобулов өңдүү кыргыз сынчыларынын классикалык орус адабий сынынын тажрыйбасына дагы да тереңдеп үңүлүшү эң бир туура багыт болгон. «Сынчы таланттуу болсо, художниктин чыгармасы менен энчилеш, тең шериктеш, – деп жазат К.Бобулов.- Белинский өзүнүн Онегинин, Печоринин, Добролюбов өзүнүн Обломовун, Писарев өзүнүн Базаровун түзгөндүгүн ким билбейт? Чыныгы художник чыгарма түзсө, реалисттик чебер калеми менен турмуштагы окуяны көркөм сүрөттөп берет. Бирок ал эмне үчүн мындай болгондугун толук түшүндүрүп, талкуулап отурбайт. Бул художниктин милдети эмес, сынчынын милдети. Орустун көрүнүктүү жазуучусу Гончаров чебер жазуучу катары «Обломовду» жазды. Ал каарманынын турмушун, кыялын ийне-жибине чейин бизге сүрөттөп берди. (...) Эгерде Добролюбов жазуучунун сүрөттөгөнүн кайталап, жакшы жазылган жерлеринен узун үзүндү келтирип, психологиялык моменттерине оо! оо! деп суктанып, художниктин чеберчилигин, образ түзүү жолдорун баса көрсөтүп, анализдеген эле болсо, талашсыз анын «Обломовчулук эмне деген?» классикалык макаласы эч кимдин көңүлүн бура албайт эле. Улуу сынчы Добролюбов Гончаровдун изи менен баскан жок. Ал чытырман токойдун арасынан өзүнчө чыйыр жол таап, Обломовду айыптабай, ошол кездеги коомдун кесели «обломовчулукту» айыптады» [Бобулов К. Адабият жана мезгил. –Фрунзе, 1973. – 58-59-б.].

Ошентип, көркөм чыгарманы ал чагылдырган жана ал жаралган доор менен карым-катышта талдоого алуу зарылдыгын адабий сындын башкы жана маанилүү милдети, карманаар башкы принциби катары белгилеген бобуловдук илимий концепция орустун социал-демократиялык көз караштагы сынчылары В.Г.Белинский, Н.Г.Чернышевский, Н.А.Добролюбовду адабий-эстетикалык көз караштарынын негизинде келип чыккан. Ушул жагдайда белгилүү окумуштуу А.Эркебаевдин: «К.Бобуловдун ошол кездеги адабий сынга киргизген экинчи бир жаңылыгы – «Оморчулук деген эмне?», «Ыманбай жана кээ бир зыяндуу ата салттар» аттуу макалалары кыргыз адабият илиминде жана сынында биринчи жолу Т.Сыдыкбековдун «Тоо балдары» жана «Тоо арасында» романдарына социалдык талдоо жасалган жана ушул мааниде автор орустун улуу сынчысы Н.Добролюбовдун үлгүсүн биздин улуттук кыртышка киргизүүгө далалат жасаган», – деген пикири абдан акыйкат айтылган [Чынчыл сындын сырттаны: Макалалар жыйнагы / Түзгөн А.Камалов. –Бишкек, 2007. -143-б.].

«Ала-Тоо» журналынын 1957-жылдагы №10 санында жарык көргөн «Оморчулук деген эмне?» аттуу макала (кийинки жыйнактарга «Оморчулук – турмуштук көрүнүш» деген ат менен киргизилген). Талдоо, негизинен Т.Сыдыкбековдун «Тоо балдары» романындагы кызыктуу түзүлгөн образдардын бири – Омор акенин образынын айланасында жүрөт. Омор акенин образынын социалдык тамыры өткөн доорлор менен байланышкандыгы, басып өткөн дооруна ылайык калыптанган мүнөздү өзгөртүп жиберүү оңой эместиги, анын мүнөзүн кыргыз элинин мурдагы тоо арасында жаатташып, такымга союл, чочмор кыстарышып, камчы үрөшүп жашашкан жайдак уруучулук турмуш жараткандыгы, Омор аке «тарыхый доордун продуктысы» экендиги жөнүндө айтылат.

Кийин 1961-жылы К.Бобулов коомдук-тарыхый тип, көркөм образдын социалдык тамыры, оморчулук темасы тууралуу адабий сындык изилдөөнү андан ары улантып, Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романындагы Ыманбайдын образына байланыштуу «Ыманбай жана кээ бир зыяндуу ата салттар» аттуу көлөмдүү макаласын жазды.

Теманы, багытты улантуу деген сөз ошол мурдагы чийилген багыттын нугунан чыкпай, жаңы адабий фактыларды «жакшы үйрөнүп алган», «калыбын алып калган» ыкма менен талдай берүү деген эле түшүнүк эмес. Мындай болгон учурда сынчы өспөй, өзүн өзү кайталап калган болоор эле, ошону менен бирге, экинчи чети, анын сынчылык чыгармачылыгына кызыгып, саресеп салып байкап, күйөрман болгон окуучуларынын да көңүлүн кайт кылып коймок. Өзүн сыйлаган, сынчылык кесибин, окурмандарын сыйлаган К.Бобуловдой таланттуу адабиятчы, албетте, эч убакта мындай штамптуулукка жол бермек эмес. Бобуловдук улантуу – тереңдетүү, байытуу, толуктоо деген сыяктуу өргө тарткан динамикалуу,

прогрессивдүү аракеттер менен коштолду. Оморчулук, ыманбайчылык жөнүндө башталган сөздүн данегинде, биринчиден, кыргыз коомчулугу, окурмандык чөйрө менен агартуучулук, тарбиялык планда өтө актуалдуу турмуштук маселелер туурасында ой бөлүшүүгө, экинчиден, «образдуу ой жүгүртүү» деген теориялык-поэтикалык түшүнүктү кыргыздын көрүнүктүү жазуучусунун чыгармачылыгынын мисалында караштырып, поэтикалык планда жаңы бир ойлорду айтууга негиз болуп берүүчү потенциалдык мүмкүнчүлүктөр бар эле. Үчүнчүдөн, Кыргызстандагы адабий, маданий кырдаал, коом, учур талабы Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романы, андагы ыманбайчылык маселесине байланыштуу адис адабиятчы, сынчылардын пикирине муктаж эле.

К.Бобулов чыныгы адистик кыраакылык менен адабий коомчулуктун талабын жаземдебей сезип, карапайым окурмандын көмөкөйүндө турган суроосун, саясатчыл кызыл кекиртек «сынчылардын» тилинин учунда турган доосун макаланын башында эле аныктап коюп алып, андан кийин гана аларга карата жообун жайгаштырат. Суроолор төмөндөгүчө коюлган: «...«Тоо арасында» романында эзүүчү таптын өкүлдөрү Шоорук, Кийизбай, Карымшак, Саадаттар өтө акылман, өтө иш билгич болуп сүрөттөлгөн. Ал эми кара таман кедейлер Ыманбай, Өскөнбайлар өтө басмырт, көрүнгөн жерде шылдың болуп жүрүшөт. Бул кандайча? Ал эми тап күрөшү күчөп жаткан учурда, автор Ыманбайга, анын атактуу Айсараласына ушунчалык көп көңүл бурат? Деги, ошо Ыманбай жалпы күрөшкө не пайда келтирди? Айрыкча таң кала турган нерсе, элди кылымдардан бери баш көтөртпөй эзип келген Шооруктарды, Саадаттарды кара таман букаралар, Ыманбайлар, Өскөнбайлар, ал турмак «молодождор» да колдоп жүрүшөт. Бул кандайча? Бул эмне деген логика? Кантип эзилген кедейлер эзүүчүлөрдү колдосун? – деп таң калып сурашат».

Коюлган суроолор жөндүү. Чыгармаларында бай-манаптардын образына «боор тартып», акылдууraак сүйлөтүп койгон «саясий каталары», «бай-манапчылдыгы» үчүн нечен акын-жазуучунун башы кеткен, түрмөгө түшкөн, сөгүш алган, жыйналыштарда, гезит-журнал беттеринде аёосуз сындалган учурлардын «тарыхынан» кийин ушундай суроонун коюлушу да, ага жооптун изделиши да, атайын макаланын жазылышы да тарыхый планда актуалдуу, мыйзамченемдүү, максаттуу.

«Ыманбай жана кээ бир зыяндуу ата-салттар» аттуу макаланы жазууда К.Бобулов өз алдынча үч максатты коюп жана аларды ийгиликтүү иш жүзүнө ашырган. Биринчиден, мурдагы басылышы боюнча көп сынга кабылган романдын жаңы редакциясы кандай жаңылануу, чыгармачылык өсүштөргө ээ болгондугун, каарман, персонаждардын образдарын тереңдетип иштөөдөгү жазуучунун чеберчилигине анализ берүү; экинчиден, постсталиндик мезгилдин искусство, адабият өнөрүнө алып келген жаңылыгы, ал жаңылыктардын прогрессивдүү мааниси тууралуу «Тоо

арасында» романынын мисалында окурмандарга, чыгармачылык чөйрөгө адис иретинде зарыл милдет катары кеңири маалымат берүү, түшүндүрүү; үчүнчүдөн, романдагы Ыманбайдын образына кеңири талдоо жүргүзүү аркылуу ыманбайчылыктын социалдык-эстетикалык тамырына, көркөм образ, көркөм мүнөз катары типтүүлүгүнө, коомчулук үчүн мындай көрүнүштүн зыяндуу жактары тууралуу окурман менен кеңири ой бөлүшүп, турмуштан кезиккен терс көрүнүштөр, артта калуучулуктар тууралуу өзүнүн атуулдук позициясын билдирүү, агартуучул идеяларды коомчулукка жеткирүү макаланын башкы максаттарынан эле. Бул максат макалада толугу менен иш жүзүнө ашырылган.

**1.3 «Улуттук адабияттагы халтуралык көрүнүштөргө, көркөм сөз девальвациясына каршы күрөшүүдөгү К.Бобуловдун сынчылык активдүүлүгү»** деп аталган параграфта улуттук поэзияда орун алган халтуралык көрүнүштөр жана аларга каршы К.Бобуловдун сынчылык күрөшү каралат. «Поэзиядагы халтуранын жолун бөгөөгө мүмкүнбү?...» аталышындагы макала К.Бобуловдун адабий сынчылык ишмердигиндеги эле эмес, дегеле кыргыз адабий сынындагы мыкты үлгүлөрдүн бири. 1958-жылы «Ала-Тоо» журналынын №10 санында жарык көргөн макала ошол учурга карай бышып жетилип, өзүнө көңүл бурулушун талап кылып турган, улуттук поэзиябыздын өнүгүшү үчүн практикалык мааниси өтө жогору, зарыл, актуалдуу маселеге арналган. Себеби, дал ушул 50-жылдардын ичинде көркөм сөздүн девальвациясы өзүнүн апогейине жеткен. Улут маданияты, ар намысы, адабият тазалыгы үчүн күйүп-бышкан К.Бобулов адабиятыбыздагы мына ушундай терс көрүнүштөргө эч убакта кайдыгер карап тура алган эмес; граждандык активдүүлүгү сынчылык активдүүлүгү менен шай келген сынчы адабиятты артка тартып жаткан көрүнүштөргө аттанып түшүп, алардын «илдетин» жаземдебей таап, тайсалдабай бетине айтат. «Адабий сында сылыктык, достук менен кеңеш айтуу жакшы жөрөлгө. Ушул салтты улантуу керек, – дейт К.Бобулов, – эгерде бир жакшы жаш акын чыгармачылыгында натура багытта, же натура көз караште болсо, адашып жүрсө, же өзүнүн тигил же бул жанрда үнүн таппай, улам изденүү жолунда болсо, аны туура жолго салыш үчүн тилдөөнүн кереги жок, орой айтуунун кереги жок, ага түшүндүрүү методу менен жардам берүү сынчынын милдети. Бирок, адабиятты атайын оокат кылуунун булагы катарында көрүп, уят-сыйытты жыйыштырып койгон кишиге кантип сыпайы мамиле кылууга болот! Жок. Мен андай «камкордукка», сылыктыкка каршымын». К.Бобулов күйүп-бышып айткандай, «түртө салса кулап кетчү ыр уйкаштары, далай жолу кайталанып, кулактын мазасын алган кургак сөздөрдөн» турган ыр жыйнактарынын мамлекеттик басмалардан эч кандай тоскоолдуксуз биринин артынан бири чыгып жатышы, окурмандык эстетикалык табити,

адабияттын келечеги үчүн тынчсыздангандар үчүн көз жумуп койчу нерсе эмес эле.

Ырас, «көркөм чыгарма» деп китеп жазгандардын көбү ак ниет, адал ой менен эле чыгарма жаратып, элге, коомго кызмат өтөгүсү, окурмандардын көңүлүн буруп, кыйын акын, жазуучу деген атакка жеткиси келген. Бирок, жазма адабий салт, адабий билим, тажрыйбанын, эстетикалык туюм, камылганын, жазуучулук таланттын кемчилдигинен тийиштүү деңгээлге көтөрүлө алышпады. Ошондой эле алардын арасында сөзду сөзгө улай билүүчүлүк анча-мынча жөндөмдүүлүгүн же өзүн-өзү тааный элек сокур талантын ашыкча пайдаланып, шылуундук менен акындык өнөрдү кызыл кулактыкка (соодакерчиликке) айлантып жибергендер да көп болду. Мына ушундай шартта, ушул ырлар жазылгандан көп узабай эле К.Асаналиевдин «Жакшы ыр чачылып жатпас...» [«Ала-Тоо», 1958, №3] аттуу макаласы жана К.Бобуловдун сыны [«Ала-Тоо», 1958, №10] жарык көргөн.

К.Бобуловдун макаласы өтө курч жазылган, талдоого алынган жеке мисалдар адабиятта орун алган тенденциялуу терс көрүнүштөрдү аныктоого багытталган. Алардан кемчиликтерге чечкиндүүлүк менен күрөш ачып, тезинен жоюуга умтулган жалындуу жигердүүлүк, активдүүлүктүн күчтүү деми айкын сезилип турат. Сынчы «Кыргызмамбастан» халтуралык ырлар жыйнактарынын бүкүлү бойдон чыгып жатышы көнүмүш адатка айланып калгандыгын кейиш менен белгилеп ушул басмаканадан 1958-жылы чыккан айрым китептерди аёосуз сынга алат.

К.Бобуловдун журналдык көлөмдүү макаласы автор тарабынан атайы белгилер менен бөлүмдөргө ажыратылбаса да, макала бири-биринен көз карандысыз, өз алдынчалыктуу эки бөлүктөн турат дешке болот. Макаланын биринчи бөлүмүндө үч акындын: К.Төлөбаев да, К.Жунусов да жана Т.Байгабыловдун да жыйнактары кеңири талдоого алынат. Ал эми экинчи бөлүктү шарттуу түрдө «сынга карата сынды сынга алуу», башкача айтканда К.Асаналиевдин сынына карата Н.Байтемировдун М.Жангазиевди жактап жазган Н.Байтемировдун «Сынбы, же кыжырлануубу?» деген макаласын сынга алуу деп атоого болот. Албетте, макаланын структурасын түзүп турган эки бөлүктү бириктирип турган «көпүрөлөр» бар. Алар, биринчиден, халтуралык чыгармачылыкка карата сынчынын келишкис күрөшчүл позициясы, экинчиден, макаланын экинчи бөлүгү аркылуу адабиятчы биринчи бөлүктө камтылган өзүнүн сынчыл платформасын бекемдеп, ошол эле учурда сынга алынган акындардын Н.Байтемиров сыяктуу жактагычтарына алдын ала эскертүү берилгендей. Чындыгында, кимдир бирөөлөр кайсы бир жазуучунун чыгармачылында чындап эле орун алган кемчиликтерди туура көрсөтүп жазса, башка бирөөлөр ал пикирдин туура экендигин билип туруп эле жокко чыгарып макала жазуусу, жаатташып коолдоочулук улуттук адабиятыбызда 20-30-жылдардан бери орун алып келе жаткан. К.Бобулов өзүнү макаласы менен каратып туруп

караны «ак», кашаңды «күлүк» деп айтып курулай мактоо суу кечпей турган куру убаракерчилик болоорун, эгер жактоочу сынчынын пикирин туура эмес деп эсептесе, «коюлган доводдорун ишенимдүү фактылар менен четке кагыш талап кылынаарын» эскертип өтөт. К.Бобулов Макаласын жыйынтыктап жатып: «Элдин эстетикалык тунук сезимин булгап жаткан жана өкмөттүн бюджетине зыян келтирген» халтурщиктер менен басманын кызматкерлерин жоопкерчиликке чакырат.

Албетте, К.Бобуловдун сөзгө алынган макаласынан кийин кыргыз поэзиясында орун алып келе жаткан халтуралык көрүнүштөр кан буугандай токтоп калган жок жана андай болушу да мүмкүн эмес. Макала улуттук адабияттын аброю, абалы үчүн күйгөн күйөрмандардын оюн жарыя айткандыгы, чечкиндүүлүгү, адилеттиги менен өз мезгилинде күчтүү резонанс жараткан, ошондой эле бүгүн да өзүнүн актуалдуулугун жогото элек. «Поэзиядагы халтуранын жолун бөгөөгө мүмкүнбү?..» аттуу макаланын поэзиянын сырын өздөштүрүүгө дилгир акын, адабий сынчылар үчүн бүгүн да үлгү болорлук сапаттары бир топ.

Айрым учурларда адабий-эстетикалык талап жагынан деңгээли дурус эле чыгармалар ар кандай себеп менен адилетсиз сынга кабылган учурлар да болот. Адабий сындын өзүндөгү мына ушундай терс көрүнүштөр да К.Бобулов тарабынан сынга алынган.

1963-1965-жылдары К.Бобулов КПСС БКнын басма сөз органы болгон «Правда» газетасынын Кыргызстан боюнча өз кабарчысы болуп турган тушта адабиятчы-журналисттин «Сын ордуна сокку» [«Разное вместо критики»// Правда. – 1965. – 14-сент.] аттуу макаласы жарык көргөн. Макала Бобуловдун тайманбас күрөшчүл табиятынан кабар берген курч фактылардын бири. Адабиятчы К.Артыкбаевдин макаласына каяша иретинде жазылган макаланын башында эле: «Жаңыдан жаза баштаган жазуучулардын чыгармаларына көңүл коюп жана ойлонуп, сын көз менен талдоо жүргүзүү талап кылынат. Тилекке каршы республикалык «Советтик Кыргызстан» газетасында жарыяланган сынчы К.Артыкбаевдин «Күн менен сарала итте эмне айып?» деген көлөмдүү макаласын андай деп айта албайбыз. Карасанатайлыкка толгон бул макала жол берилгис оройлук менен жазылган. Анда Т.Акматовдун жана А.Саспаевдин кичинекей үч аңгемесинен курулай калп, ойдон чыгарылып айтылган идеялык каталыктардын «бети ачылат», – деп маселе тикесинен курч коюлат. Макаланы жыйынтыктаган: «Советтик Кыргызстан» газетасы «Күн менен сарала итте эмне айып?» деген одоно жана ошол эле учурда адабиятты үйрөнүү жагынан алсыз, чабал макаланы жарыялап, редакциялык корутунду да ал макаланы толук колдоп, тилекке каршы, бул сын эмес, жөнү жок коркутуу-үркүтүү экендигин аңдабай калган» – деп өз пикиринин тууралыгын солк эткис бекем ишеним менен тастыктаган акыркы сүйлөмү менен К.Бобулов сынчы К.Артыкбаевди эле эмес, анын макаласын

жарыялаган гезитти да кошо айыптап өтөт. Бобуловдун бул макаласы өз мезгилинде адабий коомчулукту бир топ дүрбөлөңгө салып, саясатташкан кыйкымчыл сынга ачык күрөш жарыялоонун зарылдыгын белгилеген.

Биринчи баптын жыйынтыктоочу бөлүгү болгон **1.5. «К.Бобулов – көп кырдуу адабий сынчы»** деп аталган параграфта К.Бобулов рецензия, обзор, эссе, адабий портрет, полемикалык макала сыяктуу көп түрдүү тематикалык-жанырдык багыттарда өзүнүн сынчылык кесипкөйлүгүн далилдей алгандыгы тастыкталат.

1958-жылы Кыргыз адабиятынын жана искусствосунун Москвада өткөн декадасында Ч.Айтматовдун «Бетме-бет», «Жамийла» повесттери өтө жогору бааланат. Бирок, улуттук адабиятка жаңыдан таанылa баштаган бул жаш адамдын ийгилиги республикадагы айрым аттуу-баштуу жазуучуларга жакпайт.Союздук масштабдагы атак-данкы бар адабиятчы, сынчылар тарабынан макталып калган бул чыгарманы көнүмүш адат боюнча идеялык-тематикалык жактан ката таап, ур-токмокко алууга мүмкүн болбогондуктан, Кыргызстан Жазуучулар союзу «Жамийла» повестинин тилин талкууга алуу тууралу маселе коюп, жыйын өткөрөт. Жыйында 23 адам чыгып сүйлөп, алардын ичинен К.Асаналиев менен «бала сынчы» К.Бобулов гана Ч.Айтматовду колдоп, калгандары жазуучуну кыргыздын улуттук ар-намысына шек келтирген, улуттук каада-салтты сыйлабаган, түшүнбөгөн жазмакер катары катуу сынга алышат. Мына ушундай шартта К.Бобуловдун «Махабат баяны» аттуу макаласы «Советтик Кыргызстан» газетасына [1959-жыл, 22-февр.] басылып чыгат.

Албетте, К.Бобулов аталган макаласында «Жамийла» («Обон») повестинин бардык көркөмдүк сырларын алаканга салгандай ачып жиберген эмес жана антүүгө мүмкүн да эмес эле. Макаланы жазуудагы башкы максат – адилетсиз сынга кабылган калемдешин, замандашын жактап, анын таламын талашуу,замандаш, калемдеш окурман, адабиятчы катары повестке карата өзүнүн оң пикирин, позициясын билдирүү болгон. Адабиятчынын бул иши – анын кесипкөй чынчылдыгынан, принциптүүлүгүнөн, ак иш үчүн аянбас эр көкүрөк мүнөзүнөн кабар берип турат. «Махабат баянынан» кийин Ч.Айтматов К.Бобуловдун адабий-сынчылык ишмердигинде туруктуу жана сүйүктүү каармандардын бири болуп калды.

Адабиятчы А.Эркебаев К.Бобуловдун жалпы адабий-сынчылык ишмердигине баа берип жатып: «Анын эмгектерин кунт коюп окуган адам анда үч сүйүктүү каарман-залкар талант болгонун жаземдебей байкайт. Алар поэзияда А.Осмонов, прозада Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов, ушул үч улуу инсандын өмүрүн, чыгармачылыгын изилдөөгө кызыккан адамга К.Бобуловдун эмгектерин кыйгап өтүүгө мүмкүн эмес» деп айтканы бар [Чынчыл сындын сырттаны. Макалалар жыйнагы / Түзгөн А.Камалов. – Бишкек,]. Ырасында да К.Бобулов алыкултаануу багытында да зор эмгек

жасаган адабиятчыларыбыздын бири. Анын «Акындын тагдыры жана эрдиги», «Алыкул Осмоновдун өлкөсү», «Шота Руставели жана Алыкул Осмонов», «Миң сырлуу поэзия» аттуу (бул макала кийинки жыйнактарга «Көкөй кескен поэзия» деген ат менен кирген) макаласынан акындын чыгармачылыгына карата чоң сүйүү, терең урмат, эмоциялык эргүү ачык сезилет. А.Осмоновдун ыр жыйнактарын басмадан чыгаруу иштерине да К.Бобулов активдүү катышкан. К.Бобуловдун жаркын таланттар Т.Сатылганов, У.Абдукаимовдордун чыгармачылык-өмүр баяндык портреттерин түзүүгө арналган «Акындын өлбөс кербези», «Сүрөткердин нускалуу сөзү жана иши» аттуу макалалары терең профессионализмдик сапаттар менен өтө жандуу, ар кыл курактагы деңгээлдеги окурмандардын бардыгына жетимдүү жазылган.

К.Бобуловдун адабиятчылык, сынчылык өнөрү анын акындык, прозаиктик өнөрү менен жанаша эриш-аркак жашаган. Ал акындык, прозаиктик өнөрдүн сырларын ичкериден билген, чыгармачылыктын азабы менен тозогун, жыргалы менен кууралын өз керт башынан өткөрүп тааныган. Ошол себептүү анын сын-макалалары, изилдөөлөрү абдан жандуу, жасалмасыз табигый чыккан. К.Бобулов поэзия сынчысы катары «Акындын өлбөс кербези» (Т.Сатылгановго арналган), «Жалындуу патриот акын» (Ж.Турусбековдун поэзиясы тууралуу), «Абдрасулдун ырлары» (А.Токтомушев жөнүндө), «Жаркын талант» (М.Алыбаевдин чыгармачылыгы жөнүндө), «Толкуну ташкан ойчул акын» (А.Токомбаевдин поэзиясы тууралуу), «Таланты ташыган акын» (Т.Үмөталиев жөнүндө), «Из калтырган акын» (С.Шимеевдин поэзиясы тууралуу), «Соолубаган тунук булак» (А.Пушкин жөнүндө), «Кыргыз адабиятынын эмчектеш адамы» (К.Кулиевге арналган), «Улуу октябрдын улуу акыны» (В.Маяковский тууралуу) сыяктуу көптөгөн адабий-сын макалаларды жазган.

**«Кыргыз прозасынын актуалдуу маселелери К.Бобуловдун изилдөөсүндө»** деп аталган экинчи бапта кыргыз прозасындагы салттуулук жана жаңычылдык же реализмдин кыргыз прозасындагы өнүгүү жолдоруна байланыштуу тарыхый-теориялык маселелер, аларды чечүүдөгү адабиятчынын илимий камылгасы, илимпоздук туюму, изилдөөнүн жыйынтыктары талдоого алынат.

Камбаралы Бобуловдун илимпоз адабиятчы катары ишмердигиндеги эң башкы эмгеги – бул анын 1969-жылы «Мектеп» басмасынан чыккан «Пути развития реализма в киргизской прозе» аттуу монографиясы. Монография окумуштуунун 1962-1965-жылдары Москвадагы КПСС БКнын Коомдук илимдер академиясынын аспирантурасында окуп, «Кыргыз прозасындагы салттуулук жана жаңычылдык маселеси» («Проблемы традиций и новаторства в киргизской прозе») деген темада жүргүзгөн кандидаттык диссертациялык изилдөөсүнүн натыйжасы, диссертациянын китеп түрүндө

жарык көрүшү. Анда каралган салттуулук жана жаңычылдык, фольклор жана адабият, кыргыз прозасынын телчигүүсү, реализм маселелери – адабият таануу илиминин пайдубалын түзгөн негизги маселелерден болуп саналат. Бул маселелер түпкүлүгүндө ар бири өз алдынча бири-биринен көз карандысыз каралууга укуктуу чоң-чоң маселелер болгондугуна карабастан, К.Бобулов тарабынан изилдөөгө алынган мезгил жана анда камтылган адабий фактылык материалдар боюнча алардын чогуу, тыгыз байланышта каралуусу мыйзам ченемдүү. Себеби, биздин улуттук адабият оозеки чыгармачылыктан жазма адабият түрүнө өткөндө башка өнүккөн адабияттарга салыштырмалуу классицизм, романтизм сыяктуу көркөм усулдарды кыйгап өтүп, реалисттик адабияттын классикалык үлгүлөрү жаралган, өнүккөн улуттук адабияттардын катарында социалисттик реализм усулундагы адабият үлгүлөрүн жаратууга милдеттенген адабият болгон. Жаралуу жана калыптануу доорун башынан кечирип жаткан кыргыз адабияты үчүн негизги таяныч болуучу поэтикалык салт бул элдик оозеки чыгармачылыктын поэтикалык салттары, ал эми новатордук көрүнүштөрдүн булагы – биринчи иретте, коомдук турмушта болуп жаткан социалисттик фундаменталдуу жаңылануулар, өзгөрүүлөр жана жазма адабий традициясы, болгондо да реалисттик адабий-эстетикалык салттары, калыптанып калган элдердин адабиятынын өрнөктүү таасирлери эле.

**2.1 «Кыргыз прозасындагы салттуулук жана жаңычылдык, фольклор жана адабият маселеси К.Бобуловдун изилдөөсүндө»** Адабий процессти салттуулук жана жаңычылдык өңүтүнөн караштыруу зарылдыгы, биринчиден, советтик адабияттын ички өнүгүүсүнүн натыйжасы катары келип чыкты. Кандай гана өнүгүү болбосун өзүнүн белгилүү бир этабын басып өтүп, өнүгүүнүн ошол этабы талап кылган, ошол этапка мүнөздүү болгон максат, милдеттер иш жүзүнө ашырылып, өздөштүрүлүп, белгилүү деңгээлдеги тажрыйбалар топтолгондон кийин өнүгүү токтоп, бир орунда өзүн өзү кайталап жаткандай абал түзүлгөндөй болуп, ушундан улам өнүгүү өзүн өзү таныып, жаңы бир баскычты талап кыла баштайт. Ушул өңдүү, советтик адабияттын да алдында 50-60-жылдарда өнүгүү өзүнүн бир этабын жыйынтыктап, жаңы, жетилүү этабына кадам коюу зарылдыгы пайда болгон. Башкача айтканда, бүткүл совет адабиятында, искусствосунда социалисттик реализм методунун түптөлүү жана калыптануу доору аяктап, өнүккөн социализм тилкесине өткөн доордун өнүккөн социалисттик реалисттик адабиятын жаратуу милдети турган. Ошондой эле сталиндик авторитардык-диктатуралык бийликтин аякташына тушташ бүтүндөй советтик искусство идеялык-эстетикалык белгилүү бир туюктуктарга кептелип, ушундан улам өнүгүүнүн жаңы бир чыйырларын өздөштүрүп, соцреализм магистралынын жака-белине ар кандай «билермандар» (мис.,

«конфликтсизчилдер») тарабынан орнотулган адаштыруучу жаңылыш белгилерден арылуу милдети чыгармачыл интеллигенциянын алдында турган. Ушундай себептерден улам адабий өнүгүү алдында эскиден эмнени калтыруу, улантуу, тереңдетүү керек, жаңылануу кайсы багытта, кандай жолдор менен болуусу керек? – деген суроонун коюлушу мыйзам ченемдүү эле.

Улуттук көркөмдүк салт, улуттук эстетика жалаң эле элдик оозеки чыгармачылыкта гана эмес, адабий процесстин бардык өнүгүү этаптарына таандык көрүнүш. А бирок К.Бобулов иликтөөгө алып жаткан этап – жаралуу жана калыптануу же адабиятчынын образдуу аныктамасы менен айтканда «телчигүү» мезгилине байланыштуу алып караганыбызда К.Баялиновдун «Ажар» повестин, Т.Сыдыкбеков «Кең-Суу» романын, К.Жантөшев «Каныбек» романын жазаар алдында алар таянчу улуттук жазма адабий салт жок болгондугу анык. Ал эми фольклордук традиция жазма адабият үчүн ишеничтүү таяныч болуп бере алабы, эгер таяныч боло алса, ал канчалык деңгээлде таяныч болот – бул суроолор чынында да абдан татаал жана талаштуу. Ушундан улам 70-жылдары адабиятчылар: К.Артыкбаев, К.Бобулов, С.Жигитов, Б.Маленов, Ш.Үмөталиев, А.Садыковдордун ортосунда бир топ талаштуу талкуулар, кайым айтышуулар жүргөн.

Кыргыз прозачыларынын XX кылымдын 20–50-жылдарында жазма адабияттын эстетикалык талаптарын өздөштүрүүсүндөгү кыйынчылыктарынын себептерин ачуудагы К.Бобуловдун башкалардан өзгөчөлүктүү концепциясы, кошкон артыкчылыктуу салымы катары – жаңылануу кыйынчылыгын «жаңы турмуш чындыгын өздөштүрүү кыйынчылыгы» менен байланышта карагандыгын белгилөөлөгө болот. К.Бобулов мындай дейт: «И.Бехер: «жаңы искусство жаңы адамды сүрөттөөдөн башталат» деген. Ошол шаңдуу учурдагы советтик жазуучулардын эң негизги милдети өздөрүнүн чыгармаларында жаңы турмушту чагылдырып, эскичилик менен жан дилинен күрөшүп, жаңы дүйнөнү курууга бүткүл күч-кубатын арнаган эр азаматтын образын түзүү эле. Бирок бул милдет оңой-олтоңдордон эмес болучу. Кыргыз прозасында мындай азаматтын образынын көпкө чейин жаралбашы да кокустук эмес болчу. Анын объективдүү жана субъективдүү себептери бар эле. (...) Советтик чындыкта жаралган жаңы адамдардын жаңы мамилелери аз-аздан болсо да каймактай баштады. Бирок, бул адамдардын образдары 20-жылдагы кыргыз прозасында жокко эсе. Анткени, адабий чыгармага зарыл болгон жаңы турмуштук материалдарды жазуучу заматта эле өздөштүрө албайт» [Бобулов К. Адабият жана мезгил. – Фрунзе, 1973. 79-80-б.].

Кыргыз адабий прозасында жаңы поэтикалык салттардын өтө эле жай темпте орун алуусунун себептери тууралу адабиятчы тарабынан айтылган

бул ой, бул илимий жыйынтык абдан так, таамай, объективдүү айтылган жыйынтыктардан. Улуттук адабияттын генезисин изилдеген окумуштуулар дээрлик бир пикирде тастыкташкан: 1) улуттук фольклордук кыртыш, 2) өнүккөн адабияттардын өрнөгү, 3) жазма, басма иштеринин жолго коюлушу, 4) мамлекеттик заказ сыяктуу өбөлгөлөргө кошумча айтылган бул илимий жыйынтык жалаң К.Бобуловдун аталган маселеге байланыштуу изилдөөсү үчүн эле эмес, дегеле кыргыз адабиятынын генезисин, тарыхын изилдеп үйрөнүү, дегеле көркөм адабияттын табиятын түшүнүү үчүн өтө маанилүү. Ырасында да, улуттук адабий салт, жеке чыгармачылык тажрыйбанын чукактыгы аз келгенсип, чагылдыруу зарыл болуп жаткан турмуш көрүнүштөрү жөнүндө түшүнүгү жетишсиз болсо, кайдан ийгиликтүү чыгарма чыкмак. Улуттук жаш адабияттын жаш калемгер өкүлдөрү Октябрь революциясына чейинки турмуш тууралуу чыгарма жазайын десе карапайым калк негизинен өзүнүн жеке чарбасын кылдыратып же жалданып тирлигин өткөрүп, ал эми журтчулукка тиешелүү маанилүү маселелер негизинен журт «жакшылары», молдолордун аралашуусу менен болгондугунан улам турмуштун бул чындыгын жазса «бай-манапчыл» болуп калуу коркунучу этектеп, советтик жаңы турмуш жөнүндө жазуу керек болсо, анын саясатын жете түшүнө албай, ал турмак кудалашуу, сөйкө салуу, калың берүү, өлгөн адамга молдо чакырып куран окуттуруу сыяктуу көрүнүштөрдү жаңы коом «эскичиликтин калдыгы» деп жактырбаган заманда үй-бүлөнү кантип «туура» куруп, өлгөндү кантип узатуу «туура» болоорун так түшүнө албай жатышса, ал турмушту кантип ишенимдүү сүрөттөп бере алышмак. Адабият гүлдөп өнүккөн жерде да өзү жакшы таанып-билбеген турмуш тууралуу жакшы чыгарма жаратуу кыйын.

**2.2. Көркөм проза жана реализм маселеси Камбаралы Бобуловдун изилдөөсүндө.** Тигил же бул улуттун, мамлекеттин маданий өнүгүүсүндө жазма адабият көркөм өнөрдүн өз алдынчалуу, автономдуу бир түрү катары пайда болушу узак мезгилдик тарыхый эстетикалык тажрыйбаны талап кылган татаал көрүнүш. Ал эми анын реалисттик адабият деңгээлине көтөрүлүүсү андан бетер эки эселенген руханий-эстетикалык чымыркануну талап кылат. Кыргыз адабиятынын, асыресе андагы көркөм прозанын жаралышына байланыштуу көптөгөн адабиятчылар тарабынан кийин да кызуусунан жанбай улантылуучу теманын негизги теориялык маселелери К.Бобуловдун кандидаттык изилдөөсүнө, анын «Пути развития реализма в киргизской прозе» аттуу монографиялык эмгегинде атайын көңүл бурулуп, илимий анализге алынган.

Изилдөөнүн объектиси кылып алган маселеге байланыштуу К.Бобуловго реалисттик методдун элдик оозеки чыгармачылык менен жазма адабиятка карата катышы тууралуу теориялык маселеге кайрылуу зарылдыгы келип чыккан. Окумуштуунун «фольклордогу реалдуулук

белгилүү, конкреттүү-тарыхый шарттагы кишилердин образдарын индивидуализация жолу менен ачалбайт» жана «Т.Сыдыкбековдун «Кен-Суу» романын мисалында жазуучу «типтүү мүнөздөрдү типтүү шарттарда көрсөтүүгө далалат жасап, карапайым адамдардын индивидуалдуу мүнөздөрүн түзө алгандыгы» реалисттик адабиятка жасалган ишенимдүү кадам болгондугу тууралуу айткандары туура, жүйөлүү, далилдүү айтылган. «Реализм, – дейт К.Бобулов, – белгилүү тарыхый доордо жаралат, талаш-тартышсыз эле реализм маселелери профессионалдык адабият менен органикалык байланыштуу нерсе»[Бобулов К. Адабият жана мезгил. – Фрунзе, 1973. 84-б.].

Изилдөөнүн жүрүшүндө реализмдин «белгилери», тактап айтканда, турмуштун реалдуу картиналары «Манас» баштаган кыргыз элинин баатырдык эпосторунда, индустардын «Рамаяна» менен «Махабхаратасында», араб жомоктору «Миң бир түндө» да бар экендиги тастыкталат. «Анткени бул чыгармалар турмуш чындыгы менен таптакыр байланышы жок, куру кыялдан жаралган эмес, алар белгилүү реалдуулуктун негизинде түзүлгөн. Бирок фольклордогу реалдуулук белгилүү, конкреттүү-тарыхый шарттагы кишилердин образдарын индивидалдаштыруу максатында көздөбөйт. Ошондуктан, – дейт К.Бобулов, – фольклордогу турмуш чындыгын, же реалдуулукту реализм методу менен теңештирүү жарабайт. Фольклордо турмушту көрүү, адамдарды сүрөттөө методу такыр башка. Фольклордун каармандарынын индивидуалдуу мүнөздөрү жок, алар көп учурда бири-биринен аттары, коомдук абалы менен гана айырмаланышат. Каармандын сырткы көрүнүшү да элдин идеалына ылайыкталып сүрөттөлөт.»

К.Бобулов өзүнө да, өзгөлөргө да, дегеле чыгармачылык жаатына талапты жогору койгон адис адабиятчылардан болгон. Ошол себептүү өзүнүн замандаш, калемдеш кесиптештеринин көпчүлүгү «аң геме», «повесть», «роман» деген жанрдык аныктама менен жарык көргөн алгачкы прозалык үлгүлөр менен эле кыргыз адабиятында реалисттик чыгармалар, мезгил талабына ылайык ошол учурдун талабы менен айтканда, «социалисттик реализм адабияты жаралды» деп тастыкташкан болсо, К.Бобулов реалисттик адабияттын талабына жооп берген чыгармалар бир аз кечирээк, белгилүү бир адабий тажрыйбалар топтолгондон кийин гана орун ала баштады деген пикирин айтат. «Путь киргизских писателей к реалистическому образу положительного героя был далеко не легким. И, стало быть, формирование метода социалистического реализма в киргизской литературе было сложным. Ведь проблема положительного героя – центральная проблема эстетики социалистического реализма. Поэтому без создания полнокровных, цельных реалистических образов положительного героя не может быть речи об окончательном утверждении метода социалистического реализма в любой литературе [Бобулов К.

Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы. 3-том. – Бишкек, 2007. – 112-б.].

К.Бобуловдун монографиялык изилдөөсүнүн айрым жыйынтыктары, асыресе андагы фолклоризм жана реализм маселесине байланыштуу пикирлери 1973-жылдын акыры, 1974-жылдары «Ала-Тоо» журналында жүргөн талкууларда кеңири талдоого алынды. Өзгөчө, К.Артыкбаевдин «Адабият таануубуздун актуалдуу маселеси», Ш.Үмөталиевдин «Кыргыз совет адабиятында социалисттик реализм методунун калыптаныш маселесине карата» аттуу макалалары негизинен К.Бобуловдун монографиясынын өзөгүн түзгөн жыйынтыктарды, тарыхый-теориялык маанидеги корутундуларды сындоого багытталган. К.Бобулов өз учурунда оппонеттеринин ал макалаларда айтылган дооматтарына илимий негиздүү, аргументтүү жообун берип, сынга алынган концепцияларын ишенимдүү жактап кала алган. Бул талкууга жогоруда аты аталган үч автордон сырткары К.Кудайбергенов, А.Садыков, К.Асаналиев, С.Жигитовдор да катышкан. Талкууда фольклор жана адабияттын өз ара карым-катышы, реализм маселелери боюнча бир топ кызыктуу пикирлер айтылып, маселеге көптөгөн толуктоолор, тактоолор болгон. К.Бобуловдун изилдөөсүнүн жыйынтыктары улуттук адабий процесстин өнүгүү мыйзам ченемдерин түшүнүү, өздөштүрүү, улуттук адабият таануу илиминин жаңы деңгээлге көтөрүлүшү үчүн өз салымын кошкон.

## КОРУТУНДУ

- Кыргыз адабият таануу илими жана сынынын илимий-теориялык жана адабий-эстетикалык жактан өсүп жетилиши бул тарыхый процесс. Ал өзүнүн өнүгүү жолунда көп кыйынчылыктарды, адашууларды жана ийгиликтерди башынан кечирди. Союздук адабий процесстин тутумунда болгондуктан жалпы совет адабиятындагы илимий-теориялык жана методологиялык тенденциялар, агымдар улуттук адабият таанууга да өзүнүн олуттуу таасирин тийгизген. К.Бобуловдун адабий сынчылык жана илимий изилдөөчүлүк ишмердигине баа берүү, адабий өнүгүүнүн ага чейинки жана андан кийинки тизмегиндеги ордун аныктоодо аны адабиятчы катары ал калыптанган жана эмгектенген доор менен тыгыз байланышта караштыруу аркылуу гана туура жыйынтыктарды чыгарууга болот.

- XX кылымдын элүүнчү жылдарынын ортосунан баштап жалпы советтик, анын ичинде кыргыз адабий сынынын үнү ишенимдүү, саясатка карата учурдагы абалдан бир топ эркин, улуттук адабий процесстин өнүгүүсү үчүн өзүнүн зарылдыгын сезген салабаттуулук менен чыга баштаган. Мындай көрүнүшкө, биринчи иретте, постсталиндик мезгилдин сынчыл духу жана отузунчу жылдын аяк чененен баштап советтик

адабиятты жөө тумандай каптап, жүдөтүп келген конфликсиздик «теориянын» четке сүрүлүшү өзүнүн зор таасирин тийгизсе, экинчиден, кыргыздын улуттук адабий сынынын табигый жетилүү курагы да ушул мезгилге туура келген. Камбаралы Бобуловдун адабий сынчылык ишмердигинин мына ушундай ыңгайлуу, күрдөөлдү учурга туура келиши анын илимий-сынчылык ишмердигинин жемиштүү жана натыйжалуу болушуна өз өбөлгөсүн тийгизди.

- Совет адабиятында инсандын ички турмушун сүрөттөөгө караганда аны коллективизмдин декларативдүү идеялары менен чүмкөп, өндүрүш процесстерине, саясий кампанияларды сүрөттөөгө кызыгуу басымдуу орун алып, адабият өзүнүн адамдын индивидуалдуу көркөм образын жаратуу сыяктуу түпкү милдетин коомдун чарбалык жана саясий талаптарын билдирүүчү, жарыялоочу «тейлөөчүлүк» кызматка алмаштырып жиберген учурлары көп болгон. К. Бобулов өзүнүн «Сүйүү лирикалары туура бааланышы зарыл» аттуу алгачкы эле чакан макаласында адабияттагы мына ушундай терс көрүнүшкө карата келишпестигин билдирет. Макала, биринчи иретте, акындын же жазуучунун кемчилигинин сынга алууга эмес, а ал чыгармачылыкты окурмандын туура кабыл алуусуна жана баалоосуна ортодон өзүнүн терс кедергисин тийгизип жаткан «жаңылыш» сынчылыктын өзүн сындоого багытталган.

- «Окуучунун каты» аттуу макалада жаңы турмуш жаңы каармандарды, жаңыча адабий мамилени талап кылаарын эске алынбай, «биздин замандын каармандары мындай болуусу мүмкүн эмес» деп доомат койгон көшөкөр мамилени сынга алып, ошол учурдун эң бир авторитеттүү жазуучусу болгон А.Токомбаевдин «Бетме-бет кеңешели» макаласындагы аша чабууларды ачык-айкын белгилөө менен жазуучуларды турмушту туура, жылмалабай сүрөттөөгө чакырат.

- Орустун классикалык адабий сынынын көрүнүктүү өкүлдөрү В.Г.Белинский, Н.А.Добролюбов, Н.Г.Чернышевскийлердин адабий сында адабий эстетикалык метод менен социологиялык методду айкалыштыруу чеберчилигин, концепцияларын колдонуу аркылуу кыргыз турмушундагы оморчулуктун, ыманбайчылыктын социалдык-эстетикалык тамырына, көркөм образ, көркөм мүнөз катары типтүүлүгүнө жасалган К.Бобуловдун адабий талдоолору кыргыз адабий сынындагы көрүнүктүү окуя болуп эсептелет.

- Адабий халтура, адабияттагы жанбактылык, көркөм сөз девальвациясына каршы чечкиндүү күрөш К.Бобуловдун граждандык жана сынчылык активдүүлүгүнүн көрсөткүчү. Анын «Поэзиядагы халтуранын жолун бөгөөгө мүмкүнбү?» аттуу макаласын буга чейинки апологетивдүү, комплементардуу, субъективдүү-тенденциялуу сындарга каршы турган, принципиалдуу, адилеттүү сындын үлгүсү катары көргөзүүгө болот.

- «Кыргыз адабияты жөнүндө пикирлер», «Сын ордуна сокку» аттуу макалаларын, ошондой эле Токтогулдун, А.Осмоновдун, У.Абдукаимовдун, Ч.Айтматов жана башка акын, жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндөгү илимий обзордук, адабий сындык, полемикалык, маарекелик мүнөздөгү макалалары К.Бобуловдун көп кырдуу адабият сынчысы экендигин тастыктап турат.

- К.Бобуловдун илимий ишмердигинин башкы натыйжасы болгон «Пути развития реализма в киргизской прозе» аттуу эмгеги советтик мезгилдеги улуттук адабият таануудан калган олуттуу, баалуу илимий мурастардын бири болуп эсептелет. Эмгекте жазма адабият менен оозеки чыгармачылыктын карым-катышы, кыргыз адабиятынын мазмун жана форма жагынан реалисттик адабий үлгүдө калыптанышы, калыптануудагы фольклордук жана адабий салттардын таасири, кыргыз авторлорунун жаңычылдыкка умтулуу натыйжалдары, дүйнөлүк адабияттын заманбап деңгээлине көтөрүлүшү окумуштуу тарабынан конкреттүү авторлордун этаптуу чыгармаларын конкреттүү талдоолор аркылуу ар тараптуу илимий анализге алынган.

К.Бобулов терең мазмундуу, илимий негиздүү макалалары менен оригиналдуу жана индивидуалдуу көз карашы, жеке илимий концепциясы бар, теориялык-методологиялык билими терең адис сынчы, окумуштуу адабиятчы катары өзүн көрсөтө алды. Анын улуттук адабияттын, маданияттын өнүгүүсүнө кошкон салымы бараандуу.

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ ЖАРЫЯЛАНГАН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕР:


1. Исмаилова Б. Айтматов сынчылар ааламында.[Текст] / Б.Исмаилова // Адабият жана искусство маселелери. – 2008. – №4-5. – 132-135-б.

2.Исмаилова Б. Адабий сын жана анын айрым маселелери.[Текст] / Б.Исмаилова // КӨУ. – Наука Образования Техника. – 2009. – №2. – 19-22-б.

3.Исмаилова Б. Акындын өлбөс кербези.[Текст] / Б.Исмаилова // КУУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш. – 2015. – 43-47-б.

4.Исмаилова Б. Кыргыз адабиятындагы салттуулук жана жаңычылдык маселелери.[Текст] / Б.Исмаилова // КӨУ. – Наука Образования Техника. – 2016. – №3. – 114-118-б.

5.Исмаилова Б. Сынчылыктын башатында(1-макала).[Текст] / Б.Исмаилова // ОшМУнун жарчысы. – 2016. – №1. – 120-124-б.

6.Исмаилова Б. Сынчылыктын башатында (2-макала).[Текст] / Б.Исмаилова // ОшМУнун жарчысы. – 2016. – №1. – 125-128-б.

7. Исмаилова Б. Улуттук адабияттагы көркөм сөз девальвациясы.[Текст] / Б.Исмаилова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2016. – №5. – 209-211-б.

8. Исмаилова Б. Калеми курчкалыс сынчы. [Текст] / Б.Исмаилова // Наука, новые технологии и иинновации Кыргызстана. – 2016. – №5. – 212-214-б.

9. Исмаилова Б. Новый герой в обновленной «драме».[Текст] / Б.Исмаилова // «Интерактив плюс». Образование и наука в современных условиях. г. Чебоксары. – № 2(7). – 2016. – С. 112-116.

10. Исмаилова Б. Адабияттагы жан бактылык менен айыгышкан күрөш.[Текст] / Б.Исмаилова // Известия ВУЗов. – 2016. – №6. – 220-223-б.

11. Исмаилова Б. Новатор национальной художественной критики Камбаралы Бобулов. [Текст] / Б.Исмаилова // Проблемы современной науки и образования. РФ. г.Иваново. – 2016. – №13(55). – С. 88-91.

**Исмаилова Бактыгүл Таштемировнанын «К.Бобуловдун адабий сынчылык жана илимий изилдөөчүлүк ишмердүүлүгү» деген темадагы (адистиги – 10.01.01 кыргыз адабияты) филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

## РЕЗЮМЕ


**Түйүндүү сөздөр:** адабий сын, адабият, адабият таануу, вульгардык социология, жаңы каарман, жаңычылдык, көркөм метод, нормативдик эстетика, поэзия, проза, реализм, салттуулук, социалисттик реализм, социологиялык метод, фольклоризм.

**Изилдөөнүн материалы:** К.Бобуловдун адабий сынчылык жана илимий изилдөөчүлүк ишмердиги.

**Изилдөөнүн объектиси:** адабий процесстин көрүнүктүү өкүлү, сынчыл окумуштуу, публицисттин чыгармачылык ишмердигинин XX кылымдын 50–90-жылдарынын контекстиндеги мааниси жана өзгөчөлүгү.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:**Көрүнүктүү адабиятчы, сынчы К.Бобуловдун адабий сынчылык, илимий изилдөөчүлүк ишмердигине баа берүү, кыргыз адабиятынын, адабият таануу илиминин өнүгүүсүнө кошкон салымын аныктоо иштин негизги максаты болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** Иште адабият таануу илиминдеги жетишкендиктерге таянуу менен изилдөөнүн тарыхый-салыштырма, салыштырма-типологиялык, диахрондук жана синхрондук ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана илимий жаңылыгы:** К.Бобуловдун адабий сынчылык жана илимий изилдөөчүлүк эмгектерин талдоо жана баалоо аркылуу ал сынчы катары калыптанган, эмгектенген доорго (1950-1990-жж.) анын адабий-эстетикалык мүдөө, талаптары иллюстративдүү негизде объективдүү баа берилди; К.Бобулов кайрылган тарыхый-теориялык маселелерге бүгүнкү күндүн талабынан талдоо жүргүзүлдү.

**Колдонуу чөйрөсү жана практикалык мааниси:**Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларынын филологиялык факультеттеринде окутулуучу «Кыргыз адабиятынын тарыхы», «Кыргыз адабий сынынын тарыхы», «Адабият таанууга киришүү», «Адабият теориясы» боюнча курстук лекцияларда жана К.Бобуловдун чыгармачылыгы боюнча атайын курс өткөрүүдө кошумча материал катары пайдаланылат.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Исмаиловой Бактыгуль Таштемировны «Литературно-критическая и научно-исследовательская деятельность К. Бобулова», представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук (специальность – 10.01.01 кыргызская литература)**

**Ключевые слова:** вульгарная социология, критика, литературный процесс, литературоведение, новый герой, нормативная эстетика, поэзия, проза, традиции и новаторство, социалистический реализм, художественный метод.

**Материал** исследования – литературно-критическое, научно-исследовательское, публицистическое наследие Камбаралы Бобулова.

**Объект** исследования – выявляемые в материале особенности и значение творческого пути критика, публициста и ученого, видного деятеля и участника литературного процесса.

**Цель диссертационного исследования** – выявление значимых факторов литературного процесса и оценка многообразной литературно-критической и научно-исследовательской деятельности К.Бобулова как литературоведа, критика-полемиста, публициста, определение его вклада в развитие кыргызской литературы и литературоведческой науки.

**Методологическая база исследования** – историко-типологическая оценка части общенационального наследия, с опорой на труды известных ученых, в русле традиций современного изучения литературы, в соотнесенности с общественно-политической динамикой литературного процесса .

**Научная новизна и результаты** диссертации заключаются в систематизации критико-публицистического наследия К.Бобулова, во всестороннем исследовании материала литературно-критических и исследовательских трудов, актуальных и во многом заново вводимых в научный оборот, что позволяет более полно представить по-своему уникальный отрезок национальной культурной истории – конец 50-х начало 90-х годов XX века и современный этап культурного развития.

**Сфера применения и практическое значение работы:** итоги исследования сориентированы на углубленное исследование и современное научное обобщение истории кыргызской литературы XX в., на преподавание и изучение ее узловых вопросов, чтение лекций по общим курсам, проведение семинаров по критике, по наследию творчества К.Бобулова.

# RESUME

## on dissertation work of Ismailovoy Baktygul Tashtemirovny on the theme:«Literal-critical and scientific-research activity of K. Bobulov», nominated to scientific degree - candidate of philology sciences (on specialty: 10.01.01 – Kyrgyz literature.)

**Key words:** Literal critics, literature, literature study, vulgar sociology, innovation, normative esthetic, prose, poetry, realism, traditionalism, socialistic realism, sociological method, folklorism.

**Object of research:** Literal-critical and scientific-research activity of K. Bobulov.

**The aims and the tasks of scientific research:** evaluation of literal-critical and scientific-research activity of the outstanding expert in literature and critic K. Bobulov, identification of his input in development of Kyrgyz literature and literary science.

**Methods of research**: in this work were used history-comparative, comparative-typological, diachronic and synchronic methods of research.

**Results and scientific novelty.** Analyze and evaluation of literal-critical and scientific-research works of K. Bobulov let objectively illustrate and understand the image and literal-esthetic demands of epoch, in which he was established as critic and expert in literature (1950-1990); from today's position were examined historical-theoretic problems which were also researched by K. Bobulov.

**Application field and Practical significance of the work.** Results of conducted research may be used generally in philological faculties of higher educational institutes of the country in lecturing on the course «History of Kyrgyz literature», «History of Kyrgyz literal critic», «Introduction to literature study», «Theory of literature», and also as the additional material in conducting special courses on the creative work of K. Bobulov.